# Улуттук адабият күнүнө арналган
# А.Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасындагы
# ПОЭЗИЯ КЕЧЕСИ



12-декабрь – УЛУТТУК АДАБИЯТ күнүн №61 АФММЛ ОК бир жума мурун эле ар кандай иш-чараларды өткөрүп башташкан.. Ошонун бири болуп, лицейдин кыргыз тили мугалими **Рыскельдиева Нургуль Азизовна** жана 11-Ж класстын окуучулары, **Кадыркулов Саит, Осмонов Аман, Нуралиев Баяс, Эгембердиев Шабдан, Нурмаматов Болот, Абдылдаев Бакай,** поэзия кечесине катышып келишти



Көптөгөн өлкөлөрдө Улуттук китепканалар өз өлкөсүнүн чыгаан акындарынын жана жазуучуларынын атын алып жүрөт



2014-жылы 16-декабрынды Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасына Кыргызстандын эл акыны Алыкул Осмоновдун ысымы ыйгарылган, мындай чечимди КРнын өкмөтүнүн алдындагы КРнын чыгаан ишмерлеринин атын түбөлүккө калтыруу боюнча комиссия 2014-жылдын 5-декабрындагы №21-145 протоколго ылайык кабыл алган.





2015-жылдын 28-октябрында Алыкул Осмонов атындагы Кыргыз Республикасынын Улуттук китепканасында кыргыз элинин залкар акыны Алыкул Осмоновдун музейи ачылган. Анын чыгармалары Кыргызстандын алтын фондуна киргизилген. Алыкул Осмоновдун эстелиги КРнын Улуттук китепканасынын имаратынын алдында жайгаштырылган. Ошол жерде китепкананын жамааты жана окурмандары 9-декабрда УЛУТТУК АДАБИЯТ күнүнө арналган ПОЭЗИЯ КЕЧЕСИН уюштурушту.



Биздин окуучулар Алыкулдун чыгармаларын көркөм окуп берүү үчүн жана, алардын аң сезимине, жүрөгүнө жакындатып, тарбиялык маанисин ошол кечеде айтып берүү үчүн катышып келишти.

Лирикаларын көркөм окуу менен акындын тагдыры, башынан өткөргөн армандуу өксүк, көңүл чөккөн маанайын, өз чыгармаларында устаттык менен чагылдыргандыгын байкашып, Алыкул Осмоновдун ырлары да, өмүрү да жаштар үчүн үлгү экендигине ынанышты. Акындын

тирүүлүктөн үмүт үзбөгөн оптимистиги чындыкты таамай айткан кеменгерлиги окуучуларга үлгү болду.

А.Осмонов атындагы Улуттук китепкананы – китепкана ишинин тарыхында өзгөчө орунду ээлеген, улуттук маданияттын көч башы, билим таратуучу, илим-изилдөө иштеринин жана маданий-массалык баалуулуктардын ордосу деп билебиз.










А. Осмонов атындагы
Кыргыз Республикасынын
Улуттук китепканасы
Национальная библиотека
Кыргызской Республики
имени А. Осмонова
The A.Osmonov National
Library of the
Kyrgyz Republic




БОЛСУН БУЛ САПАР.
ЖОК БОЛСОК ДА,
ЖОЛДОР БАР.








